**Донорлор:**

german humanitarian assistance
DEUTSCHE HUMANITÄRE HILFE

2023-жылдын
октябрь айы



ӨМҮРДҮ САКТОО
ТУРМУШТУ ӨЗГӨРТҮҮ

WFP
Дүйнөлүк Азык-түлүк Программасы

# Кыргыз Республикасындагы алгачкы аракеттер

## Кырсыктын кесепеттерин жоюу жана калыбына келтирүүдөн даярдуулукка, алдын алуу жана жоюуга өтүү

### Алгачкы аракеттер деген эмне?

Климаттын кескин өзгөрүшү азык-түлүк коопсуздугунун негизги кыймылдаткычы болуп саналат. Табигый кырсыктарды ийгиликтүү болтурбоо үчүн, **салттуу гуманитардык жооп системалары кырсыктын кесепеттерин жоюунун чегинен чыгып, келечекке багытталган тобокелдиктерди башкарууга өтүү зарыл.** Алгачкы аракеттер (АА) өзгөчө аярлуу калктын азык-түлүк коопсуздугуна жана тамактануусуна мүмкүн болушунча экстремалдык аба ырайынын таасирин алдын алууга, жумшартууга жана коргоого багытталган.

**Кризис гуманитардык өзгөчө кырдаалга айланганга чейин чара көрүү үчүн тобокелдиктерди башкарууну жана аба ырайын болжолдоону колдонгон** инновациялык ыкма. Алгачкы аракеттер алдын алуу үчүн болжолдонгон коркунучтарды алдын ала турган иш-аракет катары аныкталат/коркунучтун таасирин толук кандуу боло электе азайтуу. Алгачкы аракеттер, ошондой эле, «Эрте эскертүү жана эрте аракет», «Болжолдуу каржылоо же эрте жооп берүү протоколу» деп аталат жана алгачкы аракетти эрте жооп берүү менен чаташтырбоо керек.

Алгачкы аракет өнөктөштөрдү жана иш-чараларды аныктоочу алдын ала макулдашылган пландарды, алдын ала эскертүүчү ишенимдүү маалыматты жана макулдашылган триггерге жеткенде ишке ашырыла турган алдын ала макулдашылган каржылоону талап кылат.

Алгачкы аракет социалдык жана жарандык коргонуу механизми катары Кырсык тобокелдиктерин башкаруу системасынын бир бөлүгү болуп саналат.

### Эмне үчүн алгачкы аракеттер Кыргыз Республикасы үчүн маанилүү?

Климаттын өзгөрүшү Кыргыз Республикасындагы азык-түлүк коопсуздугуна олуттуу коркунуч болуп саналат. Жаан-чачындын схемаларынын өзгөрүшү эгиндин кыска мөөнөттүү жоготууларынын көбөйүшүнө жана узак мөөнөттүү түшүмдүүлүктүн төмөндөшүнө алып келди. Жылуулук стресси малдын өлүмүнүн көбөйүшүнө жана тукум улоонун төмөндөшүнө байланыштуу ири өлчөмдөгү жоготууларга алып келиши мүмкүн. Жайдын ысык болушу жана аба ырайынын кескин өзгөрүшү малчылардын тоют даярдоо мүмкүнчүлүгүн төмөндөтүүдө. **Аба ырайына байланыштуу окуялардын интенсивдүүлүгү жана жыштыгы (мисалы, сел /суу ташкындары, кургакчылык, ысык толкундар жана бороондор) кеңири экономикалык кесепеттер менен өндүрүмдүүлүктүн дагы чоң жоготууларына алып келиши мүмкүн.**

### Алгачкы аракеттердин схемасы



## БУУ ДАТПнын алдын алуучу аракеттери боюнча иш алып баруусу




БУУнун Дүйнөлүк азык-түлүк программасынын (БУУ ДАТП) максаты – эң коркунучтуу болгон тандалган аймактардагы популяцияларды коргоо үчүн алгачкы аракеттерди камтыган улуттук системаларды түзүү

Бүткүл Кыргызстан боюнча системаларды куруу боюнча БУУ ДАТПнын тажрыйбасын колдонуу менен, алгачкы иш-аракеттер климаттык тобокелдиктерден коргоонун кошумча катмарын камсыздай алат

БУУ ДАТП азыртан эле Кыргыз Республикасынын өкмөтү менен табигый кырсыктарды башкаруу жана социалдык коргоо системаларын чыңдоо боюнча иш алып барууда, бул алгачкы аракеттерди өркүндөтүү үчүн уникалдуу мүмкүнчүлүк берет

## Дүйнөлүк мисалдар

**Кыргыз Республикасы:** Нарын облусунун кыштын катаал шартына карата коомдук айланма фондго салым катары малды тоют менен камсыздоо аркылуу чакан масштабдагы алагчкы аракеттерди сыноо

**Непал:** Суу каптоо коркунучу бар муниципалитеттерге акча каражаты жана эрте эскертүү маалыматты жеткирүү менен суу ташкындарына каршы алгачкы иш-аракеттер

**Эфиопия:** Накталай акча, эрте эскертүү маалыматы жана тоют өндүрүшүнүн киргизүү аркылуу кургакчылыкка каршы алгачкы иш-аракеттер

## Улуттук эрте эскертүү потенциалын күчөтүү

Азырда түзүлгөн жана ишенимдүү эрте эскертүү системаларына таянуу менен Бүткүл дүйнөлүк азык-түлүк программасы климат боюнча кызмат көрсөтүүчүлөр (негизинен Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Гидрометеорологиялык кызмат) менен бардык деңгээлдеги чечимдерди кабыл алуу, кээ бир өсүмдүктөрдү качан отургузуу, жана кайсы жерде климаттык коркунучтар болушу мүмкүн, ошондой эле, гуманитардык жана башка азык-түлүк жардамдары жөнүндө жакшыраак болжолдоолорду иштеп чыгуу үчүн кызматташат.

## Талап кылынган камтууга жетишүү үчүн тутумдарды бириктирүү

Талап кылынган камтууга жетишүү үчүн Бүткүл дүйнөлүк азык-түлүк программасы социалдык коргоо тутумдарына алгачкы иш-аракеттер принциптерин киргизүүнү жактайт. Мындай тутумдарда мурунтан эле алгачкы аракеттердин негизги элементтери бар: аялуулукту талдоо, тактап айтканда, максаттуу багытты жана каражаттарды (же башка жардамды) бөлүштүрүү боюнча ыкчам протокол. Негизги жетишпеген элемент - эрте эскертүү системалары менен интеграция. Болжолдоолор - сезондук же субсезондук болобу - калкка терс таасирин тийгизе турган окуялардын түрлөрү жөнүндө эрте түшүнүк бере алат. Эгерде, мисалы, адамдар негизги муктаждыктарын канааттандыруу үчүн социалдык жардамга көп таянган аймакта катуу кургакчылык болжолдонсо, алгачкы аракет окуя болгонго чейин кошумча коргоону камсыздай алат. Дүйнөлүк азык-түлүк программасы климаттык тобокелдиктерди алдын ала билүү жана башкаруу үчүн бир нече артыкчылыктарды камтыган социалдык коргоо түзүлүштү жактайт.

## Туруктуу каржылоо

Алгачкы аракеттер – бул инновациялык ой жүгүртүү ыкмасы. Дүйнө жүзүндө иш-чарага чейинки иш-аракеттер үнөмдүү экенине күчтүү далилдер бар болсо да, өкмөттөрдүн масштабдуу иш-чарага чейинки алгачкы аракеттерди ишке ашырууга бюджети жок. Алгачкы иш-аракеттер кеңири масштабда ишке ашырылмайынча, Дүйнөлүк азык-түлүк программасы камсыздандыруу жана кайра камсыздандыруу уюмдары сыяктуу жеке субъекттер менен активдүү иш-аракеттерди мамлекеттик каржылоону толуктоо үчүн тыгыз кызматташат. Бүткүл дүйнөлүк азык-түлүк программасы каржылык туруктуулукту камсыз кылуу үчүн мындай кызыктар тараптар менен өнөктөштүктү жактайт, анткени алгачкы аракеттер талап кылынган камтууга жетет. Мындан тышкары, Дүйнөлүк азык-түлүк программасы  башка каржы механизмдерин, анын ичинде табигый кырсык тобокелдиктерин башкаруунун улуттук системаларынан шарттуу каржылоону, социалдык коргоону каржылоону жана башка бюджеттик булактарды изилдеп жатат. Өкмөт коркунучка кабылган калкты колдоо үчүн бул каржы булактарынан колдонуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.

**6363** *6363 номерине (акысыз) чалып, биздин иш-аракеттерибизге болгон сунуштарыңызды, суроолоруңузду же коопсуздук маселеси, гендердик зомбулук, сексуалдык ыдык жана алдамчылык сыяктуу тынчсызданууларыңызды купуя түрүндө билдирсеңиз болот. Билдирүүңүздүн жыйынтыгы сизге маалымдалат.*